ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун

**№3 ПРОТОКОЛУ**

*8-декабрь, 2025-жыл.*

*Төрага* Б.А. Азимов
*Окумуштуу катчы* З.Ж. Мурзакматова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 47 мүчөсүнөн 40 мүчөсү катышты.

***Күн тартиби:***

1. 2024-2025-окуу жылындагы магистратура жана PhD докторантура программаларынын аткарылышынын абалы жана алдыдагы милдеттери *(Баяндамачы: МФТИТ институтунун магистратура жана PhD бөлүмүнүн башчысы, доцент Омаралиева Г.А.);*
2. 2025-2026-окуу жылынын күндүзгү бакалавриат багыттарынын 1-модулунун жыйынтыгы жана окуу процессинин абалы *(Баяндамачы: МФТИТ институтунун директорунун окуу иштери боюнча орун басары, доцент Матисаков Т.К.);*
3. ЭТФ кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери *(Баяндамачы: комиссиянын төрайымы, доцент Абдилазизова А.А.);*
4. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: МФТИТИ институтунун директору, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-3-маселелер боюнча 7-10 минутага чейин убакыт, ал эми чыгып сүйлөөчүлөргө, талкууларга 3-5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: 2024-2025-окуу жылындагы магистратура жана PhD докторантура программаларынын аткарылышынын абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча МФТИТ институтунун магистратура жана PhD бөлүмүнүн башчысы, доцент Г.А. Омаралиеванын отчету угулду.

*Талкуу*: *Н.С. Беделова (АССТ кафедрасынын доценти):* магистратурада окуп жаткан магистранттар практикасын илимий долбоорлордо өтөсүн деп айтылган болчу, учурда практика маселеси кандай болуп жатат?

*Жооп:* мага практика боюнча билдирүү кафедра тарабынан билдирүү келет, ал маселе боюнча программа жетекчилери жооп берет.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МФТИТ институтунун магистратура жана PhD докторантура бөлүмүнүн 2024-2025-окуу жылындагы иши канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Магистратура жана докторантура бөлүмүнө жана программа жетекчилерине төмөнкү милдеттер жүктөлсүн:

а) 2026-2027-окуу жылында магистратурага бөлүмүнө кабыл алынган магистранттардын санын жогорулатуу;

б) PhD докторантура бөлүмүнө кабыл алууну бардык программалар боюнча жандандыруу;

в) Магистранттардын илимий макалаларын жарыкка чыкканын алдын ала көзөмөлдөө.

3. Бардык программа жетекчилерине жана кафедра башчыларына магистранттардын практикаларын бардык түрлөрү боюнча толук кандуу уюштурууүү тапшырылсын.
4. Магистратура жана PhD докторантура бөлүмүнүн магистранттарынын жана докторанттарынын академиялык мобилдүүлүгү күчөтүлсүн.
5. Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан айтылган сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен отчеттун негизинде даярдалган иш-чаралар планы институттун директору тарабынан бекитилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө институттун магистратура жана PhD докторантура бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: 2025-2026-окуу жылынын күндүзгү бакалавриат багыттарынын 1-модулунун жыйынтыгы, окуу процессинин, сабакка катышуунун абалы жана электрондук журналдын толтурулушу боюнча МФТИТ институтунун директорунун күндүзгү окуу бөлүмү боюнча орун басары тех.и.к., доцент Т.К. Матисаковдун отчету угулду.

*Талкуу*: *Т.М. Жолдошов (КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент):* 1 курс төмөн тикеленип окуп жаткан студенттердин төртөө биздин кафедрага караштуу, ал студенттерден кабар жок, өздөрү билишеби?

*Жооп:* семестрге катталган учурда биз окуйбуз деп өздөрү арыз жазышып катталган. Ошондой эле келишимдик акыны да төлөп коюшкан. Модулдарын тапшырып көрүшсүн ошого карап чара көрөбүз. Бул учурда кураторлор да студенттер менен иш алып барып, бизге жардам беришсин.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген баяндаманын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

1. МФТИТ институтунун директорунун окуу иштери боюнча орун басары доцент Т.М. Матисаковдун 2025-2026-окуу жылынын күндүзгү бакалавриат багыттарынын 1-модулдун жыйынтыгы жана окуу процессинин абалы боюнча билдирүүсү эске алынсын;
2. Академиялык карызы 31 кредиттен жогору болуп 1 курс төмөн курска катталган 8, келишимдик акыны жана медициналык камсыздандыруу полисин убагында төлөбөй калган 58 жана айрым дисциплиналардан модулдарды тапшыра албай калган 260 студенттердин модулдарын кайрадан тапшыруусун (15-20.12.2025) көзөмөлдөө тиешелүү бүтүрүүчү кафедралардын кафедра башчыларына милдеттендирилсин;
3. Академиялык карызы бар студенттердин академиялык карыздарын жоюу үчүн кошумча түзүлгөн 102 агымдар менен тиешелүү иш чаралар иштелип чыгылсын жана ишке ашыруу жагы кураторлорго милдеттендирилсин. Көзөмөлдөө жагы тиешелүү кафедра башчыларына жүктөлсүн;
4. Жалпы көзөмөл директордун окуу иштери боюнча орун басары доцент Т.М. Матисаковго жүктөлсүн.

**3-маселе.**

УГУЛДУ: эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча комиссиянын төрайымы, доцент А.А. Абдилазизованын билдирүүсү угулду.

*Талкуу: М.Ч. Өскөнбаев (ЭТФ кафедрасынын башчысы, доцент):* биздин ЭТФ кафедрасында **Scopus** базасындагы илимий журналдардан 7 макала чыккан, алардын ичинен $Q_2$ болгон макалалар да бар. 1-курска кабыл алынган студенттердин аз болуп калуусунун себеби ваучердик кабыл алуу бир аз тоскоолдук жаратты.

Бул маселе боюнча жогоруда билдирүүнүн, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ кылат:**

1. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун “Эксперименталдык жана теориялык физика” кафедрасындагы окуу- усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттерин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча комиссиянын отчету канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Институттун сайтындагы кафедранын баракчасы толукталсын, бардык маалыматтар төрт тилде (кыргыз, орус, англис жана түрк тилдеринде) жайгаштырылсын;
3. Академиялык мобилдүүлүктүн алыскы чет өлкөлөргө уюштурулуусу күчөтүлсүн;
4. Кафедрага тиешелүү билим берүү программаларына абитуриенттерди тартуу иши күчөтүлсүн;
5. Жогорудагы айтылгандардын аткарылышы кафедра башчысы, доцент М.Ч. Осконбаевге жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) МФТИТ институтунун 1-курсунун аспиранттары Мамыргазы кызы Кайыргүлдүн, 2-курсунун аспиранттары Д.Э. Арыновдун, Бекжан кызы Гулайдын, Убайдилда кызы Бүүсанамдын, К.А. Төлөбаеванын, А.Т. Талиповдун, 3-курсунун аспиранттары Н. Замирбек кызынын, Н.Т. Таалайбековдун, Ж. Абдималик кызынын, Т.А. Доноевдин, Ж.Б. Молдоярованын, А. Жапаркуловдун, М. Рахманберди кызынын, М.О. Эргешовдун, 4-курсунун аспиранттары М. Бекиеванын, Э. Маматовдун, А. Садиеванын, М. Кедейбаеванын 2024-2025-окуу жылы үчүн илимий отчетторун кароо.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* институттун аспиранттарынын отчеттору тиешелүү кафедралардын кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Бардык тиешелүү документтер, кафедранын кенешмесинин протоколдору, отчеттору тиркелген. Аспиранттар илимий-изилдөө иштери боюнча ар бири өзүнчө баяндамаларды жасашкан.

Ошондуктан, аспиранттардын отчетторун МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө добушка коёмун.

Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

Макул-40, Каршы-жок, Калыс-жок.

**ТОКТОМ:**

1. МФТИТ институтунун 1-курсунун аспиранттары Мамыргазы кызы Кайыргүлдүн, 2-курсунун аспиранттары Д.Э. Арыновдун, Бекжан кызы Гулайдын, Убайдилда кызы Бүүсанамдын, К.А. Төлөбаеванын, А.Т. Талиповдун, 3-курсунун аспиранттары Н. Замирбек кызынын, Н.Т. Таалайбековдун, Ж. Абдималик кызынын, Т.А. Доноевдин, Ж.Б. Молдоярованын, А. Жапаркуловдун, М. Рахманберди кызынын, М.О. Эргешовдун, 4-курсунун аспиранттары М. Бекиеванын, Э. Маматовдун, А. Садиеванын, М. Кедейбаеванын 2024-2025-окуу жылы үчүн илимий отчеттору канааттандырарлык деп табылсын;
2. Мамыргазы кызы Кайыргүл, Д.Э. Арынов, Бекжан кызы Гулай, Убайдилда кызы Бүүсанам, К.А. Төлөбаева, А.Т. Талипов, Н. Замирбек кызы, Н.Т. Таалайбеков, Ж. Абдималик кызы, Т.А. Доноев, Ж.Б. Молдоярова, А. Жапаркулов, М. Рахманберди кызы, М.О. Эргешов, М. Бекиева, Э. Маматов, А. Садиева, М. Кедейбаевалар аттестациядан өттү деп эсептелинсин.

б) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Абдималик кызы Жаркынайдын кандидаттык диссертациясынын темасын өзгөртүү жөнүндө.

**Угулду:** Абдималик кызы Жаркынайдын илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* КИИК кафедрасынын улук окутуучусу Абдималик кызы Жаркынайдын кандидаттык диссертациясынын темасын өзгөртүү боюнча математика, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынан сунуш келип түшкөн жана илимий кеңешчиси п.и.д., профессор А.О. Келдибекованын макулдугу бар. Анда илимий жетекчиси профессор А.О. Келдибековага сөз берели.

*Келдибекова А.О. (МИОТжББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* акыркы убактарда физика математикалык билим берүү багытын даярдоодо окуу планына ылайык заманбап билим берүүдөгү шарттарды эске алуу менен Ж. Абдимималик кызынын кандидаттык диссертациясынын темасы “Болочок информатика мугалиминин информациялык-технологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруучу окуу тапшырмаларын долбоорлоо” аталышындагы илимий темасы изилдөөнүн объектиси, урунттуу сөздөрү жана илимий кеңешчиси сакталуу менен “Болочок математика жана информатика мугалимдеринин информациялык-технологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда санариптик ресурстарды колдонуу методикасы” аталышындагы темага өзгөртүү сунушун колго саламын.

Макул-40, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана ТОКТОМ кылды:

1. Абдималик кызы Жаркынайдын илимий жетекчиси катары п.и.д., профессор А.О. Келдибекова өзгөрүлбөстөн сакталып, “Болочок информатика мугалиминин информациялык-технологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруучу окуу тапшырмаларын долбоорлоо” аталышындагы доктордук диссертациясынын темасы

изилдөөнүн объектиси, урунттуу сөздөрү сакталуу менен "Болочок математика жана информатика мугалимдеринин информациялык-технологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда санариптик ресурстарды колдонуу методикасы" аталышындагы темага өзгөртүлсүн;

2. Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова